| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ ЖӨНГӨ САЛУУ КЫЗМАТЫ** | **СЛУЖБА АНТИМОНОПОЛЬНОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2023-ж29-сентябрь № 49

**Бишкек шаары**
**гор. Бишкек**

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтардын тарифтеринин прейскурантын макулдашуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жөнүндө жобонун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө" токтомунун, берилген материалдардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо" тартибине ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтардын тарифтеринин прейскуранты (мындан ары – Прейскурант) берилген материалдардын негизинде, тиркемеге ылайык макулдашылсын.

2. Берилген материалдардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматынын жетекчилигине жүктөлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы:

0000613

- Прейскурантты белгиленген тартипте бекитсин жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына берсин;

- мамлекеттик жана расмий тилдердеги Прейскурантты керектөөчүлөр үчүн көрүнүктүү жерге жайгаштырсын.

4. Прейскурант бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Жөнгө салынуучу чөйрөлөр башкармалыгы (Кокошеров):

- бул буйруктун мамлекеттик жана расмий тилдердеги биринчи нускасын адам ресурстарын башкаруу, документтер менен камсыздоо жана мамлекеттик тил бөлүмүнө сактоого өткөрүп берсин;

- бул буйруктун мамлекеттик жана расмий тилдердеги экинчи нускасын Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматына жиберсин.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын төрагасынын орун басары Ж.Б.Орозбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Г.К. Асылбаева**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**

**Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын төрагасы**

**____________Г.К. Асылбаева**

**29 сентября ____ 2023-ж.**

Буйрук №49

**БЕКИТЕМИН**

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министри**

**____________Н.А. Кутнаева**

**____________ 2023-ж.**

# Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматынын Баткен региондук башкармалыгын мамлекеттик архивдери тарабынан Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун калкына көрсөтүлүүчү мамлекеттик акы төлөнүүчү кызматтардын тарифтеринин ПРЕЙСКУРАНТЫ

## 1. Жеке жана юридикалык жактардын суроолору боюнча социалдык-укуктук жана тематикалык мүнөздөгү маалыматтарды берүү (БР 6- главасы, №40-пункту)

| Иштин жана кызмат көрсөтүүнүн аталыштары | Ченем бирдиги | Наркы |
|---|---|---|
| **1.1. Айлык маянасы, эмгек стажысы тууралуу суроо-талаптарды аткаруу үчүн так чыккан, орто эсеп менен бир жылдык маалымат топтолгон көктөмөлөрдү карап чыгуу, фактылар аныкталса** | | |
| - 1 жылдык маалымат үчүн. | 1 жылдык маалымат | 29 |
| **1.2. Юридикалык жана жеке жактардын социалдык-укуктук мүнөздөгү суроо-талаптарын аткаруу:** | | |
| - менчик үй курууга жер тилкеси бөлүнгөндүгү тууралуу; | архивдик маалымкат, көчүрмө 1 фактыга | 199 |
| - квартира бөлүнгөндүгү тууралуу; | архивдик маалымкат, көчүрмө 1 фактыга | 199 |
| - элдин менчик укугун тастыктаган маалымат (нотариалдык иш); | архивдик маалымкат, көчүрмө 1 фактыга | 199 |
| - мамлекеттик сыйлыктар тууралуу "1941-1945-жж. Улуу Ата-Мекендик согуштагы кужурмөн эмгеги үчүн" медалынан башка; | архивдик маалымкат, көчүрмө 1 фактыга | 114 |
| - массалык репрессиядан жабыр тарткан, акталган, эвакуацияланган жактар (адамдар) тууралуу; | архивдик маалымкат, көчүрмө 1 фактыга | 114 |

| | | |
|---|---|---|
| -республиканын аймагында жашагандыгы тууралуу | архивдик маалымкат, көчүрмө 1 фактыга | 114 |
| - шаар, айыл, көчөлөрдүн, уюмдардын, мекемелердин, ж.б. аталышынын өзгөрүлгөндүгү жана башка фактылар тууралуу; | архивдик маалымкат, көчүрмө 1 фактыга | 114 |
| - өздүк мүнөздөгү фактылар тууралуу. | архивдик маалымкат, көчүрмө 1 фактыга | 114 |
| **1.3. Республиканын аймагында жашагандыгын, чарба китептериндеги үй-бүлө мүчөлөрүнүн курамын, жашагандыгын, окугандыгын жана жер үлүштөрүн тастыктоо тууралуу маалыматтар.** | архивдик маалымкат, көчүрмө | 114 |
| **1.4.Юридикалык уюмдардын, адвокаттык контораларды, адвокаттардын нотариалдык багыттагы суроо-талаптарын аткаруу.** | архивдик маалымкат, көчүрмө 1 фактыга | 297 |
| **1.5. Юридикалык жана жеке жактардын тематикалык багыттагы суроо-талаптарын аткаруу:** | | |
| - мекеме-ишканалардын, мүлктүк укуктарга тиешелүү документтери (токтомдор, чечимдер, буйруктар, протоколдор ж.б.); | архивдик маалымкат, көчүрмө, 1 фактыга | 297 |
| - жеке-менчик кожолуктарына (хозяйствующих субъектов) таандык мүлкү жана менчик жер үлүштөрү тууралуу (чечимдер, токтомдор, буйруктар, протоколдор ж.б.). | архивдик маалымкат, көчүрмө 1 фактыга | 297 |
| **1.6. Архивдик маалымкаттын жоготуп алынган, же жараксыз болуп калган маалыматтын кайталанып берилиши (1 жыл ичинде) жана кошумча экземплярларды арыз ээсинин талабы боюнча аткаруу, айрым учурда издөөнү талап кылбаган маалыматтар үчүн.** | маалымкат | 40 |

**Кыргыз республикасынын**
**Санариптик өнүктүрүү**
**министрлигине караштуу**
**Архив кызматынын төрайымы** **М.А.Алыбаева**

**Башкы бухгалтер** **Усеинова Г.М.**